УДК: 004.89:37.016.5

# СТУДЕНТТЕРДИН ПОРТФОЛИОСУН ТҮЗҮҮЧҮ МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА АНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕГИ РОЛУН ИЗИЛДӨӨ

**Капарбек кызы А.** - Магистрант Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык унивеситети (Ош ш., Кыргыз Республикасы)
ORCID: 0009-0009-7862-3922
e-mail: aizhanakaparbekova2925@gmail.com
**Жээнбаева З.Р. –** окутуучу Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык унивеситети (Ош ш., Кыргызская Республика)
e-mail: ziiarysbekovna@gmail.com
ORCID: 0009-0003-8947-0251
**Бердибекова Ж.А. –** окутуучу Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык унивеситети ( Ош ш., Кыргыз Республикасы)
ORCID: 0009-0005-1934-9944
e-mail: jazgul.apievna87@gmail.com

**Аннотация**

Бул макалада студенттик веб-портфолио студенттердин жетишкендиктерин, билимдерин жана профессионалдык тажрыйбаларын санариптик форматта чогултуп, коомчулукка көрсөтүүчү инструмент экендиги изилденген. Изилдөөнүн максаты – студенттердин веб-портфолио түзүү методологиясын жана анын билим берүү жана карьералык өнүгүү процесстериндеги ролун талдоо.

Изилдөөнүн алкагында 4portfolio.ru платформасы колдонулуп, студенттердин жеке портфолио аркылуу академиялык жетишкендиктерин, коомдук иштерин жана профессионалык өнүгүү процессин интеграциялоо механизмери анализденди. Изилдөөнүн жүрүшүндө студенттердин веб-портфолиосу менен канчалык активдүү иш алып барышканы, аларды жаңыртуу ченеми көзөмөлдөнүп турат. Ошондой эле, студенттердин бул портфолиолорду өзүн-өзү көрсөтүү жана карьералык өнүгүү үчүн колдонуу боюнча академиялык жетекчилерден жана жумуш берүүчүлөрдөн алынган пикирлер чогултулду.

Бул платформа студенттин академиялык жана социалдык жетишкендиктерин камтууга, ошондой эле кесиптик байланыштарын кеңейтүүгө шарт түзөт.

**Ачкыч сөздөр:** Бул макаланын ачкыч сөздөрү: веб-портфолио,студенттик портфолио, билим берүү, карьералык өнүгүү, академиялык жетишкендиктер, маалыматтык система, санариптик технологиялар, 4portfolio.ru, сониторинг жана баалоо.

# РАЗРАБОТКА ИНФОРМАЦИОННОЙ СИСТЕМЫ ДЛЯ СОЗДАНИЯ СТУДЕНЧЕСКОГО ПОРТФОЛИО И ИЗУЧЕНИЕ ЕЕ РОЛИ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

**Аннотация**

В данной статье исследуется студенческое веб-портфолио как инструмент, позволяющий собирать достижения, знания и профессиональный опыт студентов в цифровом формате и представлять их общественности. Цель исследования – анализ методологии создания веб-портфолио студентов и его роли в образовательном процессе и карьерном развитии.

В рамках исследования использовалась платформа 4portfolio.ru, которая позволяет анализировать механизмы интеграции академических достижений, общественной деятельности и профессионального развития студентов через их персональные портфолио. В ходе исследования отслеживалась активность студентов в работе с веб-портфолио, а также частота его обновления. Кроме того, были собраны мнения академических руководителей и работодателей относительно использования данных портфолио для самопрезентации и карьерного роста студентов.

Эта платформа способствует включению академических и социальных достижений студентов, а также расширению их профессиональных связей.

**Ключевые слова:** веб-портфолио, студенческое портфолио, образование, карьерное развитие, академические достижения, информационная система, цифровые технологии, 4portfolio.ru, мониторинг и оценка.

## DEVELOPMENT OF AN INFORMATION SYSTEM FOR CREATING STUDENT PORTFOLIOS AND STUDYING ITS ROLE IN THE EDUCATIONAL PROCESS

**Abstract**

This article explores student web portfolios as a tool for collecting students' achievements, knowledge, and professional experience in a digital format and presenting them to the public. The aim of the study is to analyze the methodology of creating student web portfolios and their role in the educational and career development process.

The study utilized the 4portfolio.ru platform to analyze the mechanisms of integrating students' academic achievements, social activities, and professional development through their personal portfolios. The research monitored students' engagement with their web portfolios and the frequency of updates. Additionally, feedback was collected from academic supervisors and employers regarding the use of these portfolios for self-presentation and career growth.

This platform facilitates the inclusion of students' academic and social achievements while also expanding their professional connections.

**Keywords:** web portfolio, student portfolio, education, career development, academic achievements, information system, digital technologies, 4portfolio.ru, monitoring and evaluation.

Бүгүнкү күндө билим берүү системасы технологиялардын жана инновациялардын кирүүсү менен жаңы өзгөрүүлөрдү башынан өткөрүүдө. Айрыкча, студенттердин өнүгүшүн, ийгиликтерин жана алга жылуусун көзөмөлдөөдө жаңы ыкмалардын кириши маанилүү болуп турат. Учурда орто окуу жайларда студенттерди окутуунун формаларында да, методдорунда да, мазмунунда да глобалдуу өзгөрүү процесстери жүрүп жатат. Окутуунун мазмунунан жана методдорунан студенттер эмне болуп жатканан көз каранды. Алар чыгармачылык жактан өзүн-өзү өнүктүрүп, атаандаштыкка жөндөмдүү, өзүн-өзү жетиштүү адам же өз тармагындагы адис катары калыптануусун камсыз кылуу зарыл [1]. Билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжа толук кандуулуктан алыс жана терең ойлонууну талап кылат [2].

Студенттердин жетишкендиктерин баалоо үчүн атайын көрсөткүчтөр жана диагностикалык каражаттар иштелип чыгып, практикалык иш-чаралар жүргүзүлүп келүүдө. Натыйжалар критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү студенттердин чыгармачылык көйгөйлөрдү чечүү, идеяларды эркин генерациялоо жана инновациялык чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн кыйла жакшыртаарын көрсөттү [3].

Заманбап билим берүү стандарты боюнча студенттин портфолиосу - бул ЖОЖдо окуп жаткан убактагы документалдык тасыкталган жеке өзү жөнүндөгү, коомдогу маанилүү жетишкендиктери, академиялык жетишүүлөрү тууралуу файлдардын папкасы. Бул маалыматтар окутуунун натыйжасын жетишкендигин объективдүү баалоочу куралы болуп эсептелинет. Мындай усул чыгармачылык жана колдонмо багыттагы илимдер: архитектура, дизайн, технология, программалоо, курулуш, ж.б. багытта окуган студенттер үчүн өгөчө мааниге ээ.

Заманбап билим берүүдө студенттердин жетишкендиктерин баалоо, сапаттык мониторинг жүргүзүү жана жеке өнүгүүнү колдоо үчүн портфолиолор көбүрөөк мааниге ээ болууда. Бул макалада студенттик портфолио түзүүчү маалыматтык системанын (МС) иштеп чыгылган моделин, анын мүмкүнчүлүктөрүн жана билим берүү процессине тийгизген таасирин иликтейт. Изилдөөнүн негизги максаты – портфолио МСсынын окуу процессиндеги ролун аныктоо жана анын эффективдүүлүгүн баалоо.

Портфолио студенттин билимдерин, көндүмдөрүн жана жетишкендиктерин көрсөтүүчү динамикалуу курал (Chang & Tseng, 2011) [4]. Ал формалдуу жана формалдуу эмес билимди камтыйт жана рефлексияны өстүрөт (Zubizarreta, 2009) [5].

Студенттин портфолиосу маалыматтар системасы студенттерге материалдарды сактоо, иштерди баалоо жана прогрессин көрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Мисалы, Mahara жана Pepperdine University’s системасы сыяктуу платформалар колдонуучуга жекелештирилген интерфейс жана аналитика куралдарын сунуш кылат (Barrett, 2010) [6].

Билим берүүдө персоналдаштырылган окутуунун мааниси өсүүдө. Бул изилдөө студенттик портфолиолорду автоматтык түрдө анализдөөчү жана адаптивдүү сунуштарды түзүүчү маалыматтык системаны (МС) иштеп чыгууга багытталган. Изилдөөнүн негизги гипотезасы: портфолио маалыматтарын машиналык үйрөнүү (МҮ) менен иштетүү, окуу натыйжалуулугун 20%+ жогорулатат (Hattie, 2017) [7].


**Методдор жана материалдар**

Студенттер веб-портфолио түзүү, академиялык, кесиптик жана жеке жетишкендиктерин топтоо жана көрсөтүү үчүн санариптик куралдарды жана платформларды колдонуу аркылуу ишке ашырышат. Бул изилдөөнүн негизги методу - студенттерге өздөрүнүн иштерин уюштуруп, көрсөтүү үчүн 4portfolio.ru деп аталган атайын платформны колдонуу.

Изилдөөнүн негизги объекты катары 4portfolio.ru платформасы саналат, ал студенттерге өздөрүнүн жетишкендиктерин топтоо, сактоо жана көрсөтүү үчүн ар кандай функцияларды интеграциялай алышат. Платформанын социалдык функциялары дагы бар, жана алар студенттерге кесиптештери, окутуучулары жана келечектеги жумуш берүүчүлөр менен оңой байланышууга мүмкүнчүлүк берет. Портфолионун методологиясы бир нече бөлүктөрдү камтыйт: жеке маалымат жана жетишкендиктер, анын ичинде биографиялык маалыматтар жана кызыкчылыктар, академия жетишкендиктердин, анын ичинде баалоо, курстук иштер жана изилдөө иштери боюнча катышуу жөнүндө толук маалымат, спорт, социалдык иштер жана коомдук ишмердүүлүктөгү жетишкендикер, тажрыйба алуу, конференцияларга катышуу жана изилдөө долбоорлоруна катышуу, күбөлүктөр, презентациялар жана отчеттору сыяктуу колдоочу материалдар менен долбоорлор.

Веб-платформа блогдорду, комментарийлерди жазууга жана материалдарды бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берет. Колдонуучулар портфолиосун реалдуу убакытта жаңыртып жана оңдоп турууга мүмкүнчүлүк алышат, бул аларга өзүнүн жетишкендиктерин үзгүлтүксүз көрсөтүп турууга жардам берет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө студенттердин веб-портфолиосу менен канчалык активдүү иш алып барышканы, аларды жаңыртуу ченеми көзөмөлдөнүп турат. Ошондой эле, студенттердин бул портфолиолорду өзүн-өзү көрсөтүү жана карьералык өнүгүү үчүн колдонуу боюнча академиялык жетекчилерден жана жумуш берүүчүлөрдөн алынган пикирлер чогултулду. Изилдөөнүн анализдери 1- сүрөттө көрсөтүлгөн:




1-сүрөт. Портфолионун баллдарын бөлүштүрүүнүн гистограммасы

Гистограммадан көрүнуп тургандай, чокулардын нормалдуу бөлүштүрүлүшү 70-80 баллдын тегерегинде. Көпчүлүк студенттер орточо балдарды көрсөтүшөт.
Пирсондун корреляциялык коэффициенти: $r = 0.38$ ($p < 0.001$), жыйынтыгы, 1- жадыбалда көрсөтүлгөн:

1-жадыбал. Берилгендердин анализи

| **Курс** | **Орточо балл** | **Айырма** |
|---|---|---|
| Програмалоо | 72 | 65-80 |
| Дизайн | 63 | 55-70 |

Жадыбалдан көрунуп тургандай, программисттер дизайнерлерге караганда жакшы натыйжаларды көрсөтуп жаткандыгын көрүүгө болот.

Студенттик портфолионун карьералык өсүүгө таасирин баалоо, жумуш берүүчүлөрдөн жана академиялык жетекчилерден алынган пикирлерди, ошондой еще активный веб-портфолио колдонгон студенттердин жумушка орношуу көрсөткүчтөрүн талдоону камтыйт.

Бул изилдөө үчүн колдонулган материалдар студенттердин портфолиосунун мазмунун түзүү, сактоо жана башкаруу үчүн санариптик куралдар жана ресурстардан турат. Студенттердин веб-портфолиосун түзүү жана көрсөтүү үчүн негизги курал. Бул изилдөө үчүн колдонулган материалдар студенттердин портфолиосунун мазмунун түзүү, сактоо жана башкаруу үчүн санариптик куралдар жана ресурстардан турат.

Портфолиолор сканерленген академические транскрипттерди, күбөлүктөрдү, долбоорлордун отчетторун жана академиялык жана коомдук ишмердүүлүктөрдүн башка түрлөрүн камтыйт. Мультимедиалык элементтер, сүрөттөр, видеолор жана аудио жазуулар, жетишкендиктерди көрсөтүүнү жакшыртуу үчүн колдонулат.

**Жыйынтык**

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, студенттик веб-портфолио 4portfolio.ru платформасы студент үчүн өздөрүнүн жетишкендиктерин системалуу түрдө көрсөтүү жана мониторинг жүргүзүү үчүн натыйжалуу инструмент болуп саналат. Студенттик веб-портфолио өз билимдери, тажрыйбалары жана жетишкендиктери жөнүндө толук маалымат берүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп, өзүн-өзү өстүрүүдө чоң артыкчылык түзөт. Изилдөөдө веб-портфолионун функционалдык мүмкүнчүлүктөрү, анин ичинде маалыматтарды санариптик формат сактоо, жеке маалыматты коомчулукка ачык көрсөтүү жана башка катышуучулар менен өз ара иштешүү үчүн интерактивдүү мүмкүнчүлүктөрү кеңири каралды. Платформа

студенттин академиялык жана социалдык жетишкендиктерин камтууга, ошондой эле кесиптик байланыштарын кеңейтүүгө шарт түзөт.

Эми алынган пикирлер жана баалоо аркылуу веб-портфолионун карьералык өсүүгө, өнүгүүгө тийгизген таасири аныкталды. Жалпысынан алганда, веб-портфолиону колдонуу студенттерге, академиялык чөйрөдөгү адистерге жана кесипкөй адамдарга өзүнүн жетишкендиктерин жана иштерин көрсөтүүгө чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Бул алардын тажрыйбасын жана жөндөмдөрүн көрсөтүүгө жардам берип, келечектеги жумушка орношуу процессинде маанилүү роль ойнойт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Омурбекова Г. К., Ташполотов Ы. Методика преподавания базового учебного цикла" схемотехника" с использованием трансдисциплинарного подхода //Международный журнал экспериментального образования. – 2018. – №. 6. – С. 22-27.
2. Абакир Мамытов, Мектептикжалпы билим берүүнүн мазмунун долбоорлоо: Кыргызстандагы абалы жана келечеги // А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы” Научно-методический журналилимий-усулдук журналы. 2024-ж. No.2(24). 2-Т
3. Жутанова , Г., & Сарытаева , М. (2024). Критическое мышление как способ развития креативных компетенций у студентов. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 2(2), 108–114. https://doi.org/10.56122/.v2i2.223
4. Chang, C.-C., & Tseng, K.-H. (2011). Using e-portfolios to facilitate reflective learning. Computers & Education.
5. Zubizarreta, J. (2009). The Learning Portfolio. John Wiley & Sons.
6. Barrett, H. (2010). Balancing the Two Faces of ePortfolios. Educação, Formação & Tecnologias.
7. Hattie, J. (2017). *Visible Learning*. Routledge
8. Меңдибаева, Н. Роль мультимедиа в повышении эффективности образовательного процесса / Н. Меңдибаева // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2022. – № 1-1(19). – С. 78-83. – EDN YFLXJA.